109

**Кыргыз Республикасы**
**Ысык-Көл областы**
**Жети-Өгүз району**
**Жаргылчак айылдык кеңеши**
**XXVI чакырылышынын VI**
**кезексиз сессиясы**

**Кыргызская Республика**
**Иссык-Кульская область**
**Жети-Огузский район**
**Жаргылчакский айылный кенеш**
**VI сессия XXVI созыва**

---

**«16» июль 2013-ж. № 36** **Ак-Терек айылы**

# ТОКТОМ

Чоң-Жаргылчак айылынын тургундарынын үй куруу үчүн жер участок бөлүп берүү тууралуу кайрылуусу жөнүндө

Чоң-Жаргылчак айылынын тургундарынын үй курууга болгон муктаждыгы боюнча Жети-Өгүз райондук токой чарбасына караштуу 5,4 га алма бак жер аянтын Чоң-Жаргылчак айылынын тургундарына үй куруу үчүн участок катары бөлүп берүү жөнүндөгү кайрылуусун жана ушул эле маселе боюнча Чон-Жаргылчак айылынын тургундарынын 2013-жылдын 13-июнундагы жалпы чогулушунун №5 протоколунун Кыргыз Республикасына караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2013-жылдын 27-июнундагы №01-28/1997 катына ылайык, Эл депутаттарынын Жаргылчак айылдык аймагынын Кенешинин XXVI чакырылышынын VI кезексиз сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Чоң-Жаргылчак айылынын тургундарынын 2013-жылдын 13-июнундагы жалпы чогулушунун “Чоң-Жаргылчак айылынын жашоочуларынын айылды кеңейтүүгө огород участкалары үчүн жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө” № 5 протоколу бекитилсин.

2. Чоң-Жаргылчак айылынын тургундарына Жети-Өгүз райондук токой чарбасына караштуу 5,4 га алма бак жер аянттарын жер участок катары бөлүп берүү жагы Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3.Суралсын Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынан, Жети-Өгүз райондук токой чарбасына тиешелүү айыл чарба багытындагы жерди калктуу конушка которуунун (трансформациялоонун) иш кагаздарын тиешелүү жогорку органдарга берүү жагы.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы У.Акуновго милдеттендирилсин.

Жаргылчак айыл Кеңешинин
төрагасы: Алдашов Д.К.

77

*Кыргыз Республикасы*
*Ысык-Көл областы*
Жети-Өгүз району
Жаргылчак айылдык кеңеши
XXVI чакырылышынын XIII

*Кыргызская Республика*
*Иссык-Кульская область*
Жети-Огузский район
Жаргылчакский айылный кенеш
XIII сессия XXVI созыва

«19» март 2014-ж.

№ 65

# ТОКТОМ

**Жаргылчак айыл өкмөтүнүн айыл жашоочуларынын жаш үй бүлө мүчөлөрүн үй куруу үчүн жер участоктору менен камсыз кылуу программасын бекитүү жөнүндө**

"Жаргылчак айыл өкмөтүнүн айыл жашоочуларынын жаш үй бүлө мүчөлөрүн үй куруу үчүн жер участоктору менен камсыз кылуу программасын бекитүү жөнүндө" маселени карап чыгып, Жаргылчак айыл кеңешинин XXVI чакырылышынын XIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Жаргылчак айыл өкмөтүнүн айыл жашоочуларынын жаш үй бүлө мүчөлөрүн үй куруу үчүн жер участоктору менен камсыз кылуу программасы бекитилсин (тиркелет).

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Молдакуновго милдеттендирилсин.

Айыл кеңешинин төрагасы: Д.Алдашов.